КРнын Президентинин “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу идеологиялык программасын (2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы), КРнын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы ПЖ №303 Жарлыгы менен бекитилген “2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө” улуттук программасын иш жүзүнө ашырууга, КРда Кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болгондугунун 36 жылдыгына, Тоо-кен технологиялык колледжинде мамлекеттик тилди колдонууну жогорулатуу жана өркүндөтүү жана колледждин негизделгендигинин 5 жылдыгына карата ишке ашырылуучу иштерди пландаган.

Бул иштин максаты төмөнкүдөй:

- Тарых, тил, маданият, улуттук баалуулук, нарк – насил, таалим-тарбия тууралуу билимдерин, түшүнүктөрүн кеңейтүү;
- Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, рухий дөөлөттөрүн жана маданий-тарыхый мурастарын даңазалоо.

Кечээ өлкөбүздө **“Манас” эпосунун күнү** белгиленди. Республикалык масштабда көптөгөн иш чаралар болуп өттү. Окуу жайыбыздын кире беришинде бир күн кечке Саякбай Каралаев атабыздын айтуусунда “Манас” эпосу жаңырды. Ал эми студенттер менен жолугушууга өлкө ичинде эле эмес, дүйнөгө таанымал манасчы Дөөлөт Сыдыков агабыз мейманга келди.

Жер жүзүндө кыргыз эли жашап турганда – улуу “Манас” эпосу жоголбойт, кылымдарга жаңыра турган кыргыз үнү болуп, эпостун өмүрү узак болот деген аруу тилектебиз.

Сүрөттөр баян кылат:













